объектинин пунктунда коюлган тартипке ылайык кетирүүгө максималдуу мүмкүнчүлүктөгү агын суулардагы заттардын көлөмү.

профилактикалык карап көрүү-суу түтүк-канализациялык тутумун тутумдук карап көрүү, ошондой эле берилген ичүүгө жарактуу суунун параметрлерин текшерүү. Тармактардагы майда ондолбостуктарды жоюу, абонентке таандык курулмалардагы жана тармактардагы оңдолбостуктарды жоюу үчүн абоненттерге буйрук берүү;

уруксатталган документация-жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик санитардык-эпидемиялогиялык көзөмөлдүн жергиликтүү кызматы менен макулдашылган камсыздоо (канализация) тутумуна кошулууга уруксат берүү жана “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ тарабынан берилген кошулуу үчүн техникалык шарттар;

суу камсыздоо же канализация системасына уруксатсыз кошулуу – техникалык шарттарды бузу, же уруксат документациясыз жасалган кошулуу;

уруксатсыз колдонуу – агын суулардын (агымдардын) кабыл алуу жана сууну жиберүүгө (алууга) келишимдин жоктугунда суу камсыздоо жана канализация тутумдары менен колдонуу;

чектен тышкары суу керектөө –чектен тышкары чарбалык ичүү жана өндүрүш муктаждыкка абоненттин пайдаланган суу көлөмү;

сервитут – башка жактын колдонуусунда, же менчигинде болгон жер участогун максаттуу ченемдүү колдонуудагы жактардын укугу;

агын суулардын курамы – кирдетүүчү заттардын жана алардын концентрациясын кошууучу, агын суулардын (агымдардын) мүнөздөмөсү;

ченөө куралы (шайман) – өлчөмдүү метрологиялык мүнөздөмөсү бар керектөөчү суу жана (же) түшүрүлгөн агын суулардын (агымдардын) көлөмүн ченөөгө багытталган техникалык каражат;

агын суулар (агымдар) –адамдын чарбалык ишмердүүлүгүнүн (турмуштук агын суулар), ишкана жана уюмдардын натыйжасында суу камсыздоонун булактарына карабай (ичүүгө жарактуу,техникалык, ысык суу менен камсыздоо, жылуулук менен камсыздоо уюмдардын буусунан) пайда болгон суулар;

субабонент – “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ же абонент канализациялык тармагына агымдарды түшүрүп жана абоненттин суу түтүк тармагынан, “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ менен суу камсыздоого жана агымдарды түшүрүүгө келишим түзгөн керектөөчү (турмуш тиричилик же өндүрүштүк) абонент;

күндөлүк тейлөө–түзүлмөлөрдүн техникалык бузуксуз абалда жана суу түтүк-канализациялык тармагынын кармоого багытталган жана